| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЧҮЙ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-АТА РАЙОНУ**<br><br>**ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**ЫСЫК-АТИНСКИЙ**<br>**АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ** |

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезектеги XXVI (жыйырма алтынчы) сессиясы

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

**2024-жылдын 15-январы №173/XXVI-28** **Алмалуу айылы**

**2023-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2024- жылдын бюджетин, айыл өкмөтүнүн штаттык жүгүртмөсүн жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2023-жылдык бюджетинин аткарылышы жана Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн бюджетин жана 2025-2026-жылдардын божомол бюджеттик кирешени бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесине ылайык кезектеги маселе боюнча айылдык Кенештин каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Байтемирова билдирет:

2023-жылдын бюджеттик эсеп счетунан калган калдык 3284,5 сомду түздү, атайын эсеп счетунан калган калдык 7,2 мин сомду түздү. Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн бюджеттин долбоорунун киреше бөлүгү 21277,7 миң сом, анын ичинде бюджеттик эсеп кирешеси 11145,1 мин сомду түздү, атайын эсеп кирешеси 20,0 миң сом, теңдөөчү грант 10112,6 миң сомду түзөт.

| | |
|---|---|
| Айыл өкмөтүнүн аппараты | 8809,5 |
| Коомдук тартип | 89,0 |
| Жайыт комитети | 257,0 |
| ТЖКЧ (ЖКХ) | 5890,5 |
| Маданият | 2728,7 |
| Китепкана | 1314,0 |
| Клуб | 1414,7 |
| Социалдык коргоо | 375,0 |
| Билимберүү | 3108,0 |
| Анын ичинен: | |
| Тендөөчү грант | 10112,6 |
| Өздүк киреше | 11145,1 |
| Атайын эсеп боюнча | 20,0 |
| **Баардыгы** | **21277,7** |

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн калкынын саны 6004 адамды түзөт.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЧҮЙ ОБЛУСУ<br>ЫСЫК-АТА РАЙОНУ<br><br>ЫСЫК-АТА АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ЫСЫК-АТИНСКИЙ РАЙОН<br><br>ЫСЫК-АТИНСКИЙ<br>АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ |
|---|---|---|

Ысык-Ата айылдык Кенешинин 28-чакырылган кезектеги XXVI (жыйырма алтынчы) сессиясы

**ТОКТОМ**

**ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2024-жылдын 15-январы №173/XXVI-28** **Алмалуу айылы**

**2023-жылдын бюджетинин аткарылышы жана 2024- жылдын бюджетин, айыл өкмөтүнүн штаттык жүгүртмөсүн жана 2025-2026-жылдарга бюджеттин божомол прогнозун бекитүү жөнүндө**

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2023-жылдык бюджетинин аткарылышы жана Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн бюджетин жана 2025-2026-жылдардын божомол бюджеттик кирешени бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесине ылайык кезектеги маселе боюнча айылдык Кенештин каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Г.Байтемирова билдирет:

2023-жылдын бюджеттик эсеп счетунан калган калдык 3284,5 сомду түздү, атайын эсеп счетунан калган калдык 7,2 мин сомду түздү. Айыл өкмөтүнүн 2024-жылга түзүлгөн бюджеттин долбоорунун киреше бөлүгү 21277,7 миң сом, анын ичинде бюджеттик эсеп кирешеси 11145,1 мин сомду түздү, атайын эсеп кирешеси 20,0 миң сом, теңдөөчү грант 10112,6 миң сомду түзөт.

| | |
|---|---|
| Айыл өкмөтүнүн аппараты | 8809,5 |
| Коомдук тартип | 89,0 |
| Жайыт комитети | 257,0 |
| ТЖКЧ (ЖКХ) | 5890,5 |
| Маданият | 2728,7 |
| Китепкана | 1314,0 |
| Клуб | 1414,7 |
| Социалдык коргоо | 375,0 |
| Билимберүү | 3108,0 |
| Анын ичинен: | |
| Тендөөчү грант | 10112,6 |
| Өздүк киреше | 11145,1 |
| Атайын эсеп боюнча | 20,0 |
| **Баардыгы** | **21277,7** |

Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн калкынын саны 6004 адамды түзөт.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 102 беренесинин негизинде 2024-жылдын бюджетинин долбоорун карап талкуулап чыгып, Ысык-Ата айылдык Кенеши токтом кылат:

1. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн 2024-жылга бардык бөлүмдөрү боюнча түзүлгөн бюджетинин долбоорунун киреше бөлүгү 21277,7 миңсом, чыгаша бөлүгү 21277,7 миң сомго бекитилсин;

2. 2023-жылдын бюджетинин аткарылышы 26443,0 миң сомго бекитилсин;

3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин негизинде Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн резервдик фонду 150,0 мин сом өлчөмүндө бекитилсин;

4. "Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат" жөнүндө" 2021-жылдын 06-октябрындагы № 125 мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн № 451 "Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтомунун негизинде айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык бирдиги төмөнкү курамда түзүлсүн: башчы 1 (бир), жооптуу катчы 1 (бир), финансы бөлүмүнүн башчысы (бир), башкы адис-3 (үч) (бухгалтер-кассир, юрист, социалдык суроолор боюнча адиси), жетектөөчү адис -2 (эки) (киреше боюнча адис, мамлекеттик сатып алуулар боюнча адис), адис-2 (эки) (жер жана турак-жай,муниципалдык менчик, өзгөчө кырдаал боюнча адис, экономист-статист), ВУС 2 (эки) бирдик (1765 аскерге милдеттүүлөрдүн санын эске алганда), айыл башчы 4 (төрт) бирдик, айдоочу 1 (бир), секретарь1 (бир) бирдиктери бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын негизинде тийиштүү айлык акылары жана төлөмдөрү төлөнүп берилсин;

5. "Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 38-беренесинин 1-пунктусуна ылайык айылдык кеңешинин жооптуу катчысы 1 (бир) бирдиги бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын негизинде тийиштүү айлык акылары жана төлөмдөрү төлөнүп берилсин;

6. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде маданият тармагындагы китепканалар бөлүмү боюнча 2024-жылга карата 4 (төрт) штаттык бирдиги бекитилсин жана айлык акылары төлөнүп берилсин. (Алмалуу айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Тогуз-Булак айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Үч-Эмчек айылында китепкана башчысы 1 бирдик, Карагай-Булак айылында китепкана башчысы 1 бирдик) жана от калоочу 2 (эки) штаттык бирдиги Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде бекитилсин. От калоо мезгилинде ай сайын 6 ай (алты ай) 7040 сом өлчөмүндө айлык акысы төлөнүп берилсин;

7. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 токтомунун негизинде маданият тармагындагы клуб бөлүмү боюнча 2024-жылга карата 3 штаттык бирдиги бекитилсин жана айлык акылары төлөнүп берилсин. (Алмалуу айылында клуб башчысы 1 бирдик, Тогуз-Булак айылында клуб башчысы 1 бирдик, Карагай-Булак айылында клуб башчысы 1 бирдик) жана клуб бөлүмүнө спорттук инструктор 1 (бир) штаттык бирдиги бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде айлык акылары (он эки айлык акысы) төлөнүп берилсин;

8. Социалдык тармакта иштеген кенже техникалык тейлөөчү жумушчулардын кызмат орундарынын айлык акыларынын өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 01-августундагы №433 токтомунун негизинде ЖКУ бөлүмүнүн штаттык бирдиктери төмөндөгүдөй бекитилсин:

| | |
|---|---|
| сантехник адиси | 2 бирдик 0,5 коюмдан |
| электрик адиси | 1 бирдик 1 коюм |
| Аксакалдар сотунун төрагасына | 1бирдик 1 коюм |
| шыпырып тазалоочу(уборщица) | 1бирдик 1 коюм |

кароолчу администр-к мекемеге (дворник) 1бирдик 1 коюм
Архивариус 1 бирдик 1 коюм
Кароолчу Жогорку-Ичке-Суу а. спорт залына 1 бирдик 0,5 ставка

Аксакалдар сотунун төрагасы 1 бирдиги бекитилсин жана ай сайын 1700 сом өлчөмүндө (12 ай) айлык акы төлөнүп берилсин;

9. 2023-жылдан калган бюджеттик эсеп боюнча калдык 3284,5 мин сом өлчөмүндө бекитилсин жана төмөндөгүдөй сарпталсын:
   - 10,5 (он) мин сом айыл өкмөтүнүн кассасынын калдыгы болуп эсептелсин;
   - А.Мурзалиев мектебине интерактивдик панелин сатып алууга 200,0 мин сом каралсын 3 кварталга;
   - Алмалуу айылынын Түлөбердиев көчөсүн капиталдык оңдоодон өткөрүүгө 1235,0 мин сом 2 кварталга каралсын;
   - А.Тологоновдун сунушу боюнча 200,0 мин сом акча каражаты жашылдандырууга көчөттөрдү сатып алууга 2 кварталга каралсын;
   - Айыл өкмөт имаратынын ичин оңдоого 500,0 мин сом акча каражаты 1 кварталга каралсын;
   - Калган 1139,0 мин сом акча каражаты бала бакчага керектүү эмеректерин жана материалдарын, керектелүүчүү каражаттарын сатып алууга 1 кварталга каралсын;

10. Кыргыз Республикасынын Министрлер кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча агенттигинин 2022-жылдын 13-январынын № 4 буйругунун негизинде Ысык-Ата айылдык Кеңешинин төрагасынын бир жолку төлөмү 10,3 мин сомго жана соц. фондго төлөмү 1,8 мин сомго бекитилсин;

11. Аймактык тескөөчүлөргө айына 100л.*70сомдон 12 айга 1200л. жалпысынан 84,0 мин сом акча каражаты каралсын;

12. Ысык-Ата айыл өкмөтүнүн кызматтык автоунаасына айына 300л.*70сомдон 12 айга 3600л. жалпысынан 252,0 мин сом акча каражаты каралсын;

13. Жергиликтүү бюджеттин 2025-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү 21155,0 миң сомго, анын ичинен тендөөчү грант 10112,6 мин сомго, 2026-жылга карата киреше жана чыгаша бөлүгү 21999,0 миң сомго, анын ичинен тендөөчү грант 10112,6 мин сомго бекитилсин;

14. Бул токтомдун аткарылышы каржы жана бюджет боюнча туруктуу комиссияга жана айыл өкмөтүнүн финансы-экономика бөлүмүнө жүктөлсүн.

Токтом бир добуштан кабыл алынды.

**Төрага** **Ж.Бейшекеев**